**НАРАЛИЕВА Б.К..**
lib.knu@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУК САЯСАТЫ

Элибиз өз тагдырын өз колуна алып эгемендүүлүктү алгандан бери саясатта гендердик мамилелер коомчулукта кызуу талкууга алынып келет.. Гендердик маселе коомдогу теңсиздик маселе сыяктуу эле социалдык көрүнүш болгондуктан ал философиялык социалдык, психологиялык эмгектерде кыйла убактан бери изилденип, талкууга алынып келе жаткан маселелерден болуп саналат. Гендердик мамилени изилдөөгө батыш окумуштуулары Девид Майерс, Г.Лассвелла маанилүү салымды киргизишкен. Алардын эмгектеринде гендердик мамилелердин индивиддин эң зарыл муктаждыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүктөрү менен байланыштырып, анын критерийлери, деңгээли, гендердик категориялары каралган.

Патриархаттык сезимдин аялдардын жашоо турмушуна терс таасирин тийгизип келгендиги тууралуу бир аз мурдагы убакта эле постсоветтик мезгилде сөз козгоо мүмкүн эмес эле, көңүл да бурулган эмес. Социалисттик системанын кыйрашы, кайра куруунун жанданышы бул маселенин тегерегинде ачууга мүмкүн болбогон жабык турган эшиктин каалгасын ачып берди. Өнүгүп жаткан жаңыча аң сезимдин тарыхый этабында аялдардын укугун коргоо багыты боюнча гендер саясаты кызуу колдоого алынып талкууланып, өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан, WIMCA, UNIFEM, фонд Сорос ж.б. тарабынан мамлекеттик масштабда каралып келүүдө. Борбордук Азия мамлекеттеринде аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын ликвидациялоо боюнча Конвенция ратификацияланып, улутук пландар иштелип чыгарылып, токтомдор кабыл алынып жатат [1].

Адамга табигый түрдө бири бирибизди сыйлоо, урматтоо, сүйүү сезими берилет. Адам өмүрүнүн ар бир кадамында аны өөрчүтүп, колдоп туруусу зарыл. Сүйүшүп жүргөндөгү ынактыкты, назиктикти бирин бири сүйүп урматтоону үйлөнгөнгө чейин гана эмес үйлөнгөндөн кийин да өмүр бою сактап жүрүүбүз зарыл. Тилекке каршы турмушта дайыма эле мындай боло бербейт, улуттук менталитет эркектерди урпактардын улантуучусу, тукум улоочу катары эркекти аялдан бийик коюп келет (алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык) [2]. Бул түшүнүк традициялуу түрдө биздин мырзалардын аң сезимине сиңип, үй бүлө күткөндөн баштап мен үй бүлөнүн башчысымын, менин айтканым талкууга алынбай аткарылышы керек, мен үй бүлө маселесинде чечүүчү рольдо турам деген түшүнүктүн сиңип калыптанып калышына түздөн түз алып келет [3]. Мындай аң сезим өз учурунда темирдей бекемдиктин, күчтүү эрктин болушун шарттайт. Назиктиктин, жароокерликтин, мээримдин ачыкка көрүнбөй жашаган формасын калыптандырат.

Мен деген образдын калыптанышы тээ бала чакта эле, калыптанып башталат. Калыптануу процеси улуттук аң сезимдин негизинде жүрүп, улуттук психология, улуттук менталитет эркектерге болгон өзгөчө тарбияны баланы кичине чактан тарта эле сен эркексин, эркек адам көзгө жаш алчу эмес, сен катылгандын катыгын бере билишиң керек, эркек деген эл четинде жоо бетинде болуу керек деп тарбиялайт. Эмоцияны көрсөтпөөгө, бир жери ооруп турса да ооруусун билдирбөөгө, башка бирөөгө камкордук көрүүгө, алсыз болбоooго үндөйт. Жардам сурабоого, башка бирөөлөрдүн да өзү үчүн кам көрбөшүнө тарбиялаган сезимди калыптандырат. Мунун баары “мен эркекмин, мен жигитмин” деген түшүнүктүн, өзүн өзү жогору балаган сезимдин бекем сиңишине алып келет. Кыргыз жигиттериндеги мындай канга сиңип калган намыскөйлүк, эркектердин колго алган ролунда эркектерге мүнөздүү болгон табигый сезимдин ооздукталуусуна алып келип, өз учурунда өсүп бара жаткан психикага терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Америкалык үй бүлө психотерапевти Т.Рилл патриархат эркекке мүнөздүү касиет менен аялга мүнөздүү касиеттердин ортосундагы түшүнүктүн кескин бөлүнүшүнө алып келишин белгилейт. Эркекке мүнөздүү касиет - күч, логика, агрессивдүүлүк, баш ийбөөчүлүк, ийгиликке жетүү ориентациясы менен, аялга мүнөздүү касиеттер - алсыздык,

эмоционалдуулук, көз карандылык, жогорку сезгичтик менен коштолуп турат деп белгилейт [4].

Азыркы замандын аялдары эркектен сезгичтикти, кылдаттыкты, жакшылык жамандыкты тең бөлүшкөндүктү, үй бүлө контекстинде жашагандыкты күтөт. Реалдуу турмушта көпчүлүк убакта мындай касиеттер азыркы замандын эркектеринин мүдөөсү болбой калгандай сезилет.

Тарыхый этап, коомдук социалдык чөйрө, бүгүнкү маданият эркектерди бири бири менен эрегиштирип, мелдештирип, мен сенден кем каламбы деген сезимди өстүрүп, өз учурунда кылдаттыкка, назиктикке орун бербестен, андай сезимди басмырлап таштайт. Замандын талабына ылайык чыныгы эркектик мүнөз биллиард ойногон, кыздар арасында ийгиликке ээ болгон, катылгандын катыгын берген, алсыздыкты көрсөтпөгөн, көп пиво ичкен, заманга ылайык модада кийинген, көп акча тапкан, популярдуу болгон ж.б ушул сыяктуу касиеттердин болушу менен шартталат.

Психолог Дж.Готмандын изилдөөсү боюнча конфликт учурунда эркектердин физиологиялык реакциясы (жүрөктүн согуу ритми, телонун температурасы, тер бөлуп чыгаруусу) аялдарга караганда сыртынан токтоо, сабырдуу жай баракат көрүнгөнү менен эркектерде кескин өзгөчөлөнүп турат экен [5].

Эркектин баалуулугу, өзүнө өзү баа берүүсү өзүн күзөттө турган солдаттай сезим менен айкалышы керек. Мына ушул эркектердин жашоосунда эң башкы парадокс болуп калууда. Эркектер дүйнөсүндө сен же жеңүүчү, же жеңилүүчү, же жогоруда же төмөндө болушун керек, ортосар болуп ара жолдо калбашың керек. Башкарып же калпагыңды чечип берип башкарылышың керек. Эркек болгон соң күчтүү болуп, алсыз болбой эч нерсеге муктаж болбогон жигит болушуң керек

Азыркы учурда коомчулуктун кайсыл тармагын карабайлы базар экономикасынын шартында үйдө да, сыртта да негизги оор жүктү аялдар
аркалап барат. Кыргызстанда бала багуу үй кызматындагы милдет кескин
түрдө аялдардын ишмердүүлүк сферасы катары каралып келет. Үй бүлөдөгү нервди короткон акысыз майда жумуш көзгө көрүнбөгөн формада болуп, аялды үй бүлөнүн «кулу» катары кармайт. 2000 ж улуттук статистикалык комитеттин жүргүзгөн изилдөөсү боюнча шаар жеринде аял күнүнө 231 мүнөт үй жумушу менен алектенсе, эркек 62 мүнөт,айыл жеринде аял 294мүнөт эркек 61 мүнөт үй бүлөгө кызмат аткарат экен [1].

Биз аялдар башыбызга кичине эле кыйынчылык иш түшсө табиятыбыздан алсыздыгыбызга таянып көпчүлүк убакта оор проблеманы чечүүгө аракет жасабастан, андан чыгууга жол издебестен аны чечип берер кишини издеп, чыга турган жолду бирөө көрсөтүп беришин күтөт экенбиз. Эркектердин табиятынан берилген инстинктик өзүн өзү коргоосу ар кандай кыйынчылык ситуациядан чыгууга оперативдүү түрдө муздак кандуулукта эмоцияга алдырбай жол издетип, максатка умтулууга багытталат экен.

Психологиялык планда мындай психологиялык коргоо механизминин табигый түрдө иштелип чыгышы коом тарабынан кээ бир учурларда туура эмес көрүнүштөй кабыл алынганы менен аялдар үчүн оор абалын жеңилдетүүнүн оңой жолуна алып келип, алардын психикасына психологиялык планда жакшы таасирлерин берет.

Ал эми эркектер нааразылыгын да, ачуусун да кала берсе кубанычын да басмырлап, оодуктап тыйып, бизге окшоп ыйлай да, бирөө менен бөлүшө да албайт экен. Себеби эчактан бери калыптанып калган салт, маданият эркектерди бала чагынан тартып ыйлаганга, алсыздыкты, эркелегенди көрсөткөнгө болбойт деп тарбиялайт. Мындай факт эркектерибиздин жан дүйнөсүндөгү буюккан карама- каршылыкка эле туш келтирип койбостон, эмоционалдык планда кан басымынын көтөрүлүшүнө, кандын составында канттын көбөйүшүнө, жүрөк ооруусуна чалдыктырып, көптөгөн негативдүү таасирлердин пайда болушун жаратат экен.

Фонд ООН тарабынан берилген статистикалык маалыматтар боюнча эл арасында орточо эсеп менен суициддик аракет(өзүн өзү өлтүрүү) аялдарга салыштырганда эркектерде беш эсе көп катталат экен, алкоголизмдин деңгээли аялдарга караганда эркектерде үч төрт эсе жогору, тамак сиңирүү органдарынын ооруусу эркектерде аялдарга караганда эки эсе көп, өлтүрүп кетүү эркектерде аялдарга караганда үч төрт эсе көп болот

экен. 1999ж. изилдөөлөр боюнча Кыргызстанда узак жашоо мөөнөтү эркектерде орточо эсеп менен 64 жашты аялдарда орточо эсеп менен 72 жашты түзүптүр [1].

Коомдогу гендердик саясат гендердик мамилелерди теңдөөгө, үй бүлөнүн ынтымагын чыңдоого, эркек менен аялдын аң сезимин активдүү калыптандырууга багытталат. Гендердик коргоо өзгөчө аялзатын коргоого гана багытталбастан эркектердин да гендердик коргоо укугун эске алуусу керек. Гендердик теңчилик мамилелерин жакшыртууда коомдук бардык секторлордун интеграциялык ишмердүүлүгү жана ириде аял эркектин өздөрүнүн аракети талап кылынат. Кыргызстандагы социалдык психологиялык гендердик мамиле калктын аял затына гана тиешелүү болбостон эркектерди да камтып алардын ар биринин өз өзүнө тиешелүү маселелери менен изилденүүсү зарыл.

## АДАБИЯТТАР


1. НСК. КР основные итоги первой национальной переписи население Кыргызской Республики 1999г. – Бишкек 2000г. Гендерные отношение в Кыргызской Республике.
2. Абрамзон С.М. Очерки культуры киргизского народа. – Фрунзе, 1946.
3. Некоторые стороны быта киргизской молодежи(XIX-XXвв) в .кн. Семья и семейные обряды у народов Средней Азии. - М., 1978.
4. Терренса Рилл. Гендерные аспекты психологии и психотерапии современного супружество // Вопросы психологии. - №6. - 2005.
5. Берн Ш.Гендерная психология. - СП(б), Прайм-Эврознак, 2001.